Адамдын кайгысынын башталышы

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китепте

Башталыш 3-6

"Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет."
Забур 119:130

Адамдын кайгысынын башталышы



Эдвард Хьюс тарабынан жазылган
Сүрөттөр Байрон Ангер, Лазарус тарабынан тартылган

Christian Lingua тарабынан которулган
М. Майлот, Тэмми С. тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн

Аңгеме 60/2

M1914.org

Bible for Children, PO Box 3, Winnipeg MB R3C 2G1 Canada

Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.

Кудай, биз күнөө деп аталган жаман нерселерди кылганыбызды билет. Күнөө үчүн жаза өлүм.

Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн Өзүнүн Уулун, Ыйсаны, биздин жазабызды төлөш үчүн айкаш жыгачка өлүмгө жиберди. Ыйса тирилип, кайрадан асманга көтөрүлүп кетти! Эми Кудай биздин күнөөлөрүбүздү кечире алат.

Эгер күнөөлөрүңдү таштагың келсе, Кудайга мындай деп айт: Кымбаттуу Кудай, мен Ыйса мен үчүн өлүп, азыр тирүү экенине ишенем. Суранам, менин жашоомо келип, күнөөлөрүмдү кечирчи, ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, кийин Сени менен түбөлүк боло алам. Сен үчүн Сенин балаң катары жашаганга жардам бергин.
Оомийн. Жакан 3:16

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөшүңүз!

Кыргызча Kyrgyz


Жылан Ободон: “Кудай силерге бардык даректардан жебегиле дедиби?” – деп сурады. “Биз бирөөнөн башка даректардын баарынан жей берсек болот”, – деп жооп берди аял, – биз ал жемишти жеп, же ага тийсек, өлөбүз.
3


Жылан: “Өлбөйсүңөр”, – деп мыйыгынан жылмайды. “Силер Кудайдай болуп каласыңар”. Обо ошол даректын жемишинен жегиси келди. Ал жылаандын тилин алып, жемишти жеди.
4

Обо Кудайга баш ийбегенден кийин, Адамга да жемишти жедирди. Адам: “Жок, жебейм. Мен Кудайдын Сөзүнө баш ийбей койбойм”, – деши керек эле.
5

Адам менен Обо күнөө кылгандан кийин, экөө тең жылаңач экенин билди. Алар анжыр дарагынын жалбыректарынан алжапкыч жасап, Кудайдан бадалдардын арасына жашырынып алышты.
6

Салкын кечте Кудай бакка келди. Ал Адам менен Обо эмне кылганын билген. Адам Обону күнөөлөдү. Обо жылааны күнөөлөдү.
7


Кудай: “Жылаан каргышта калды. Аял балдарын ооруп төрөйт”, – деди. "Адам, сен күнөө кылгандыктан, жер каргышка калды, ал тикенек менен отоо чөптөрдү өстүрөт. Сен күнүмдүк тамагыңды таап жеш үчүн эмгектенип, маңдай териңди төгөсүң”.
8

Кудай адам менен Обону сонун бактан чыгарып салды. Алар күнөө кетиргендиктен, өмүр берүүчү Кудайдан ажырап калышты.
9

Кудай алар бакка кире албашы үчүн оттуу кылычтарды жасады. Кудай Адам менен Обого булгаары кийим жасап берди. Ал булгаарыларды кайдан алды?
10

Убакыт өтүп, Адам менен Обо балалуу болушту. Алардын биринчи уулу Кабыл дыйкан болчу. Экинчи уулу Абыл койчу болгон. Бир күнү Кабыл Кудайга бүлүккө жер жемиштеринен алып келди. Абыл өзүнүн эң жакшы койлорунан Кудайга тартуу алып келди. Кудайга Абылдын белеги жакты.
11

Кудайга Кабылдын белеги жакпады. Кабыл аябай ачууланды. Бирок Кудай: “Эгер жакшы иш кылсаң, башыңды жерге салбайт элең да?” – деди.
12

Кабылдын ачуусу тарабады. Ал талаадан Абылга кол салып, аны өлтүрүп салды!
13

Кудай Кабылга кайрылды: “Абыл бир туугандың кайда?” Кабыл: “Билбейм, – деп жалган айтты. – Мен бир туугандыма кароолчу белем”. Кудай Кабылдын дыйканчылык жөндөмүн алып салып, тентип жүргөн адам кылып жазалады.
14

Кабыл ТЕҢИРДИН алдынан кетип калды. Ал Адам менен Обонун кызына үйлөнгөн болчу. Алар үй-бүлө курушту. Убакыт өтүп, Кабылдын неберелери жана кыбыралары ал негиздеген шаарды толтурушту.
15

Ошол эле үчүрда, Адам менен Обонун үй-бүлөсү тез өсүп жатты. Ал күндөрдө адамдар азыркыга караганда көп жашашкан.
16

Уулу Шет төрөлгөндө, Обо мындай деди: “Кудай мага Шетти Абылдын ордуна берди”. Шет такыба адам болчу, ал 912 жыл жашап, көп балалуу болгон.
17

Дүйнөдөгү адамдардын уламдан кийинки мууну өтө бузула берди. Акыры Кудай адамзатын жок кылайын деп чечти ...
18